УДК 396.1(575.2)

**Кубанычбекова Айжамал Кубанычбековна**
И.Арабаев атындагы КМУ нун Тарых жана социалдык-укуктук билимберууфакультетинин магистранты
**Кубанычбекова Айжамал Кубанычбековна**
магистрант факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**Kubanychbekova Aijamal Kubanychbekovna**
Master`s student of the Faculty of History and Social and legal Education of KSU named after I. Arabaev

# ҮЙ – БҮЛӨДӨГҮ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН КООМ ЖАНА МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КАМКОРДУККА АЛЫНЫШЫ

# ПРОБЛЕМЫ НАСИЛИЯ В ОТНОШЕНИИ ЖЕНЩИН В СЕМЬЕ И ЗАБОТЫ О НИХ СО СТОРОНЫ ОБЩЕСТВА И ГОСУДАРСТВА

# PROBLEMSOF VIOLENSE AGAINST WOMEN IN THE FAMILY AND CARE FOR THEM BY SOCIETY AND THE STATE

**Аннотация:** Макала аял-затынын коомдо жана үй-бүлөдө дуушар болуучу зомбулуктарды талкуулоого арналган, анткени аял затын калктын аялуу катмары деп эсептейбиз, аларга мамлекет жана коом тарабынан камкордуктар көрүлүүсү зомбулуктун азаюусуна жардамын берет деп ишенебиз.

**Аннотация:** Статья посвящена обсуждению насилия в отношении женщин в обществе и в семье, потому что мы считаем, что женщины являются уязвимым слоем населения, и верим , что их защита государством и обществом поможет снизить уровень насилия.

**Annotation:** The article is devoted to the discussion of the violence against women in society and in the family, because we believe that women are a vulnerable segment of the population and believe that their protection by the state and society will help reduce the level of violence.

**Түйүндүү сөздөр:** Аял-заты, коом, зомбулук, камкордук, мамлекет тарабынан аялдарга карата камкордук.

**Ключевые слова:** Женщины, общество,забота, забота о женщинах со стороны государства

**Key words:** Women, society, care for women by the state.

Үй – бүлөдөгү аялдарга карата зордук – зомбулуктун көйгөйлөрү жана алардын мыйзам тарабынан камкордукка алынышы азыркы күндүн мезгил талабы болуп калды.. Бул маселени улам артка жылдыруу менен коомдогу аялдардын ордун басмырлоону улантууга чекит коюуу зарыл.

Азыркы күндө кыргызстанда кыз-келиндерге зомбулук көрсөтүү азайбай келет.

Баарыбызга маалым болгондой, аялдардын зомбулукка кабылышы көйгөйлүү маселелердин бири болуп саналат. Коомчулукта белгиленип келгендей, азыркы тапта

аялдардын зордук-зомбулукка учурашын биринчи кезекте өлкөдөгү экономикалык абал, башкача айтканда аялдардын үй-бүлөдөгү экономикалык көз карандылыгы, алардын укуктун сабатынын жетишсиздиги шарттап жатат. Ал эми Аялдардын кризистик борборлорунун ассоциациясынын кызматкери Күмүшай Исмаилованын айтымында, аялдарга зордук-зомбулук жасалышынын түпкү себеби үй-бүлөдөгү тарбияда жатат. Эгерде бала үй-бүлөдө зордук-зомбулукту көп көрсө, эне-атасы бири-бирине жаман мамиле кылып, бири-бирин уруп-токмоктошсо, анда ошол бала кийин өз турмушуна, өз үй-бүлөсүнө ошол адатты алып келет экен. Бул нерсе анын эркинен тышкары да болуп кетет экен. Демек, үй-бүлөдө бала кандай тарбия алганы кийин анын үй-бүлөсүндө өкүм сүрө турган мамилелерге чоң таасир берет.

Ал эми биздин мамлекетте ажырашкан аялдар үчүн көчөдө калуу коркунучу бар. Ошон үчүн бардыгына чыдап, балдары үчүн бардыгына чыдап келет.

“Сезим” кризистик борбору дээрлик 20 жылдан бери иштеп келатат. Жыл сайын аталган мекемеге кайрылган кыз-келиндердин саны 2 миңден ашат. Алардын 65 пайызга жакыны үй-бүлөлүк зомбулукка кабылгандар.

Бул борбор, 90-жылдары, Кыргызстанда гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрү терең жашыруун жана коомдук жана саясий талкууга жабык болуп, бир катар түзүлгөн коомдук уюмдар өлкөбүздө аялдардын укуктары боюнча маселелерди активдүү көтөрө баштакан.

Ошондой өткөөл заманда, аялдардын укугун коргоо жана гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан жабыр тарткан кыздарга, аялдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө укуктук жана психологиялык жардам көрсөтүү максатында “СЕЗИМ” кризисттик борбору уюшулган.

Бүгүнкү күндө Сезим борбору үч негизги милдетти аткарууда:

1. Гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан жабыркаган адамдарга зарыл шарттарды түзүү жана укуктук, психологиялык жана социалдык колдоо;
2. Кыргызстандын үй-бүлөсүндө жана коомунда зомбулукту азайтуу боюнча мыйзамдык демилгелерди ишке ашыруу боюнча чараларды көрүү, колдоо жана жүзөгө ашыруу;
3. Кыргызстанда гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктун жана адам сатуунун деңгээлин төмөндөтүү боюнча профилактикалык иш-чаралар.

Борбордун ишмердүүлүктөрүнүн багыттары:

1. Гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан жабыркагандарга укуктук, психологиялык жана социалдык жардам;
2. Гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан алсыз кыздар / аялдар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн оор турмуштук кырдаалды жеңүү үчүн өз мүмкүнчүлүктөрүн жана ички ресурстарын колдоо;
3. Гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан жабыркаган кыздарды / аялдарды жана алардын үй-бүлөлөрүн коомдук үгүттөө жана коомдук коргоо;
4. Гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан жабыркаган аялдар / кыздар үчүн реабилитациялык жана реинтеграциялоо кызматтары менен убактылуу коопсуз жана социалдык турак жайларды берүү;
5. Үй-бүлөлүк жана үй-бүлөлүк мамилелердеги чыр-чатактарды жана башка бузууларды чечүүгө жардам берүү (үй-бүлөлүк кеңеш, ортомчулук);
6. Гендердик укук, үй-бүлөдөгү зомбулук жана адам сатуу жаатындагы маалымат жана билим берүү;

7. Кыргызстандын калкын гендердик, үй-бүлөлүк зомбулуктан жана адам сатуудан коргоо боюнча лоббисттик демилгелер - Эдвокаси.

"Сезим" кризистик борборунун 10 жылда жасаган иштери боюнча отчетуна көңүл бура турган болсок, анын 1998-2018-жылдарга көрсөтүлгөн кызматтардын саны абдан көп экендигине ынанасың.

Мисалы: ишеним телефонуна 42 900 чалуулар; 31 089 юридикалык жана психологиялык консультация, 1768 адам / 2288 жазык жана жарандык иштер боюнча соттордо адвокат жана коомдук коргоо, 2003-жылдан бери 2172 чоң кишилер жана 1368 бала турак-жай кызматын алышкан [1] жана пайдаланышкан.
2011-жылдан бери Транзиттик үйдө 111 аял жана 96 бала жашашкан. Азыркы мезгилдеги бир туугандын үүнө бир күн жашап, анан сыйың менен кетүү керек экенин туйган заманда, "Сезим" борборунун жасаган иштерин көрүп алып, мындай борборлорго ийгилик гана каалагың келет.

Борбордун жетекчиси катары Бүбүсара Рыскулова айым иш алып барат жана бул айымдын белгилешинче, зордук-зомбулуктун ар кандай түрүнө кабылган аялдардын саны өсүүдө. Ал бул маселени мамлекеттик деңгээлде көтөрүү зарылдыгын белгилеп келет.

"Сезим" кризисттик борборунун "Бизге кайрылган аялдар эң соңку, такыр эле жарабай калган учурда келишет. Аларды карап бооруң ооруган учурлар көп. Көк-ала болуп же бир жери сынып гана келбестен, психологиялык жактан да болуп көрбөгөндөй жабыркап кайрылышат. Мамлекет бул жаатта алгылыктуу иш барса жакшы болмок. Көп жылдар бою басылбай келаткан көйгөй азаят беле", - деди аталган кризистик борбордун жетекчиси Бүбүсара Рыскулова.

Зомбулук дегенде эле уруу же денеге зыян келтирүү эмес, психологиялык, жыныстык жана моралдык дагы басынтуулар болот. Көптөгөн жаш кыздар, энелер күйөөлөрүнүн ур-токмогунун алдында калып, жада калса алардын колунан каза тапкан учурлар да аз эмес. Стастикага карасак 700 абакта отурган аялдардын 178и өзүнүн күйөөсүн өлтүрүп түшкөн, ал эми 16000дин 170и гана аялдарын өлтүргөндүктөн түрмөгө түшкөн. Бул эмнеден кабар берет? Жалгыз гана аялдар эмес, эркек бүлөлөр да зомбулукка кабылган учурлары болот. Мунун баары жөн жерден эмес.

Өлкөдө үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка каршы мыйзам 2003-жылы кабыл алынган. Ага ылайык, жогорку жаза - аялга зордук-зомбулук көрсөткөн эркек беш жылга эркинен ажыратылат. Бирок бир да эркек мындай жаза менен жоопко тартыла элек дешет байкоочулар. Мунун эңбашкы себеби, аялдар ачуусу келип турган чакта арыз жазып, кайра бир-эки күндөн кийин арызын алып коюшат. Экинчиден, аялдар арыз менен кайрылган чакта да укук коргоо органдары тарабынан бул маселе аягына чейин чыгарылбай калган учурлар бар. Ал эми маалыматы болгондору кризистик борборлорго кайрылат. Кыргызстандабулбагыттаишалыпбарган 10дой кризистикборбор бар.

Байкоочулардын айтымында үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук шаар жерине караганда айыл жерлеринде абдан басымдуу. Жада калса айыл жеринде аялга ырайымсыз мамиле жасоо нормалдуу эле көрүнүш катары каралган учурлар арбын. Андыктан элеттик аялдардын көпчүлүгү өз укуктарын коргоодо жардамга муктаж. Расмий маалыматтар боюнча, өткөн жылы миңдеген аялдарга зордук-зомбулук болгон, акыркы беш жылда он миңден ашык үй-бүлө ажырашып, жалгыз бой аялдардын саны көбөйгөн.

Аялдардын укугун коргоо боюнча иш алып барган эксперттердин дээрлик баардыгы калктын билимсиздиги зордук-зомбулктун келип чыгышынан егизги себептердин бири

экенин айтууда. Аялдардын зомбулукка кабылышына билимсиздик менен катар эле динди туура эмес чечмелегендердин да таасири тийип жатканын айткандар бар.

Аял заты диний милдет укук жаатында эркектер менен бирдей укуктарга ээ. [2].

"Аялдар маселесинде, Клара Сеткиндин негизги талаптары 100 жылдай убакыт өтсө дагы актуалдуу бойдон калып жатат " деген пикирлер көп. Аялдардын абалына күрөшүп келген айымдар ошол он тогузунчу кылымдын башында айтып жаткан маселелерди биз бүгүн көтөрүүдөбүз. Ошондо да билим алганга, саламаттыкты сактаганга, эрте күйөөгө чыкпаганга, айлык маянасын жогорураак алганга, азыраак убакыт иштегенге жана башка жөнокой адамдын укуктарына ошол жылдары курошуп келишкен. «Аялдарга байланыштуу мыйзамдар жазуу түрүндө эле калып жатат» деген пикирлер арбын.

Кыргызстанда укук коргоочулар аялдарга карата зордук- зомбулук азайбай жатканын айтып жатышат.Жүргүзүлгөн иликтөөлөргө караганда,кордук көрсөтүү эркектер тарбынан эле эмес, аялдардын бири-бирине үстөмдүгүнөн да келип чыккан учурлар да аз эмес дешет. Айрыкча эрте турмуш курган кыздардын зомбулукка кабылуусу жогору экени айтылууда .

"2015-жылдын официалдуу түрдөгү статистикасына кайрыла турган болсок 2179 аял зомбулук учураган. Алардын болгону эки жүзгө жетпегени боюнча иштер козголуп,анын дагы бир далайы сот процессине жетпей калган. Зомбулукка каршы саясатыбыз тийиштүү болбогондуктан, анын түрлөрү дагы көбөйдү . Күндөн - күнгө саны да өсүп жатат. Турмушта, иште аялдын аялга болгон зордук зомбулугу,кайын журттун келинге болгон зордук зомбулугу аз эмес дешет адам укугу боюнча адис[3].

" Көбүн эсе бул маселелер үй-бүлөдө жана иш үстүндө болот. Эгерде, аялзаты бир гана укуктарын эмес, өз милдеттерин даана билишкенде балким бул маселе бир аз азыраак болот эле "- деген да карама- каршы пикирлер жаралбай койбойт.

Сексуалдык зордук зомбулук- аялдын алсыздыгы менен пайдаланып, анын каршылыгына карабастан жыныстык мамилеге тартуу. Мындай зордук- зомбулук мыйзам ченеми менен жоопко тартылат ( атайын берене боюнча 5 жылдан 10 жылга чейин сотко тартылуу). Бирок, үй- бүлөдө эркек менен аял никеде турса мындай зордук -зомбулук кароосуз кала берет, ага эч кандай чара көрүлбөйт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика борборунун үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун сан жана пайыз менен берген көрсөткүчтөрү:

Калктын кризистик борборлорго, башка адистештирилген мекемелерге кайрылууларынын саны өсүү тенденциясы белгиленүүдө. 2010-ж. 16 миңге жакын кайрылуу катталган болсо, 2014-жылы мындай кайрылуулардын саны 19,5 миңге же 24% га чейин көтөрүлдү. Зомбулуктун курмандыктары негизинен аялдар болуп саналат. 2014-ж.кайрылгандардын жалпы санынын 55% аялдар түзгөн[4] .

Маалыматтар көрсөтүп тургандай 2014 -ж.үй-бүлө зомбулугунун саны 2010-ж.салыштырмалуу туруктуу өсүүдө . Үй-бүлө жөнүндөгү административдик жоопкерчилик тууралуу кодекстин беренелери боюнча административдик жоопкерчиликке тартылган адамдардын саны бул мезгил ичинде 1,8 эсеге өстү. Билим берүүнүн деңгээлине токтоло кетсек, мында үй-бүлө зомбулугун жасаган адамдардын негизги үлүшү орто жалпы 70%ды, кесиптик билимге 16% ээ.

Иштердин түрү боюнча үй-бүлө зомбулугун жасаган адамдардын негизги бөлүгү 78% жумушсуздарга туура келди . Үй-бүлө зомбулугунан жабыркаган адамдардын эң жогорку үлүшү аялдарга туура келет, алар 2014-ж. 96%түздү, анын ичинен 38%н 21-30 жаштагы аялдар. Үй-бүлө зомбулугу менен байланышкан каралган административдик иштердин үлүшү алардын жалпы санында орточо 80%ды түзөт . Башка укук бузуулар жазыктык сот

өндүрүшүнүн алкагында каралат. 2014 -ж.жасалган административдик укук бузуулардын түрлөрү боюнча иштердин эң көп саны үй-бүлөлүк зомбулук (69%). Үй-бүлө зомбулугун жасаган адамдардын жалпы санында жарымынан көбү (52%)физикалык зомбулук, ошону менен адамдардын саны 2010-жылга салыштырмалуу 3%га азайса, психикалык зомбулук жасоодо адамдардын саны тескерисинче 1,4%га көбөйдү.

Сексуалдык зомбулук жасоодо адамдардын саны 2 эсеге өсүшү белгиленген.

2012-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика комитети менен Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги биргеликте Кыргыз Республикасынын медициналык демографиялык изилдөөсүн жүргүзүшкөн.

Анда: "Дүйнө жүзү боюнча аялдар сабоого, кордоого кабылышат, ал эми кээде өздөрүнүн үйлөрүндө эң ишенимдүү болуп саналган жакын өнөктөштөрү тарабынан өлүмдүн курмандыктары болушат. Үй-бүлөдөгү зомбулук этникалык белгилерге жана диний ишенимдерине карабастан, түрдүү маданиятта ишке ашат жана адамдарга экономикалык макамына жана коомдогу абалына карабастан тийип өтө.

Күйөөсү тарабынан физикалык же сексуалдык зомбулук көргөн Кыргызстандагы качандыр бир кезде никеде турган аялдардын жарымынан көбү (56%) физиологиялык жаракат алгандыгын көрсөтүшкөн. Аялдын 7%ы кош бойлуу кезинде физикалык зомбулукка кабылган, 15-49 жаштагы аялдардын 3%качандыр бир кезде сексуалдык зомбулукка кабылышкан.

Кыргызстан башка өлкөлөрдүн ичинен жубайлардын физикалык жана сексуалдык зомбулугуна кабылган 15 жаштан 49 жашка чейинки жаш курактагы аялдардын саны боюнча экинчи оорунда турат" - деп жазылган [5].

Кыргызстанда азыркы учурда аялдар психикалык жана сексуалдык жактан жабыркап келет. Мындай проблеманын чечилбеши өлкөдө мыйзам жакшы иштебейт дегенди билдирет. Ачыгын айтканда, кызмат абалынан пайдаланган, тааныш салуу, жашырып-жабуу, паракорчулук жана башка ушул сыяктуу көптөгөн себептер аялдардын анан калса жашы жете элек жаш өспүрүмдөрдүн өмүрүнө балта чаап, жаркын келечектен айрып келет.

Буга мисал болуп, 2018-жылы болгон Бурулай Турдалиеванын тагдыры. Эскерте кетсек, 2018 -жылдын 27 майында 19 жаштагы Бурулай аттуу кызыбызды Марс аттуу жигит ала качкан, атасы милицияга арыз жазып, баардык постторго маалымат берүү менен аларды кармап, тергөө бөлүмүнө алып келишкен. Алайда, кыздын ата-энеси келгенче эле Марс атту кылмышка шектүү жигит Бурулайды үч жолу бычак менен сайып көкүрөгүнө Н+Б деп жазып крест тарткан соң өзүн төрт жолу сайып салган. «Ал экөө эмне үчүн бир жерде кароосуз калган, бычак кайдан чыкты?» деген суроолор туулбай койбойт. Бул окуя көп убакытты талап кылды. Чындыгында, бул милиция кызматкерлеринин иши же кызматына болгон шалаакылыгы деген да пикирлер айтылган .

Кыргызстанда 2012-жылдан бери кыз ала качкандарды жоопко тарткан мыйзам иштей баштаган. Кылмыш кодексинин 154-155-беренелерине ылайык, кызды эркине каршы ала качып, никеге турууга мажбурлагандар беш жылдан он жылга чейин эркинен ажыратылат.

Бирок буга карабастан ала качуу салты таптакыр күчүн жоготуп койгон жок. Дале болсо айрым кездерде ала качуу салты ийгиликтүү ишке ашып келет. Ал тургай айрым маалыматтарда күнүгө Кыргызстандын аймагында 10го чейин кыз ала качуу катталат экен. Муну менен биз эмнени тушунсок болот, Кыргызстанда мыйзам туура жана тийиштуу иштебейт, ал эми элдер болсо бул мыйзамдарга баш ийбейт.

Аял затынын укуктарын бузуу дүйнө жүзүндө кылымдардан бери келе жаткан чоң проблема экендигин түшүнсөк болот. Демек, бул маселенин чечилишине жок дегенде

азайышына жогоруда айтылган аялзатына тиешелүү укук бузуулар мыйзам чегинде жоопко тартылышы керек. Себеби, жазасыз калган кылмыш, андан да коркунучтуу кылмышка алып келиши мүмкүн.

"Коом канчалык билимисиз болсо алардын социалдык мамилелери да ошончо төмөндөп, начарлап кетет. Тилеккке каршы соңку жылдары калктын билимсиздиги тереңдеп бара жатат. Буга кошумча ислам динидеп эле радикалдуу идеяны кармангандардын саны аз эмес. Жалпылап айтканда кордук көргөн аялдар аз эмес, алардын эңбасымдуусу жаңыдан турмушка чыккандар экенин байкоого болот"- дейт Адам укуктарын коргоо комитетинин жетекчиси Гүлжамал Султаналиева.

Кыз ала качуу салт дегендер да жок эмес, бирок илгери кыргыздын салтында азыркыдай ичкилик ичишип, макулдугу каалосу жок алсыз кыз баланы мал сыяктуу бөктөрө качып ала качкан эч качан болбоптур. Мындай жорук болсо ошол кыздын жети атасына чейин кемсинтүү жана тексиз мамиле катары кабыл алынып,кыздын укум тукуму кана эмес жалпы Кыргыз элин басмырлагандык кылып эсептелинип андай жигиттер өтө катаал жаза алышчу экен. Илгери кыздарыбызды барктап багып ата энесинин алдынан өтүп,куда түшүп калың төлөп кана үйлөнүшчү тура. Калың төлөбөй алып кетүүнү кыздын ата тегине шек келтирүү сыяктуу кабыл алынчу. Кудалап айткан кызды алуу же күйөөгө тийүү деген мыйзам каттуу кармалчу экен. Колунда жок кембагал адамдар тестиер кезинен эле койчу жылкычы болуп иштеп келечектеги колуктусунун калыңын чогултуп камын көрушчү тура.
Айтайын дегеним калың төлөй албай калган күн болсо да кыздын жеңеси аркылуу ата энесинин батасы менен баш кошуп азыркыдай мал сыяктуу бөктөрүп зорлоп ала качып кеткен болбогонунда.

Гүлгүндөй жыйырма жашында мыкаачы жигиттин колунан өлгөнБурулай Турдали кызынын аянычтуу тагдыры анык далил болуп берип турат. [6].

20 жаштагы мыкаачылык менен өлтүрүп, денесине Н+Б деп жазган кылмышкер Марс Бөдөшөв бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да өз жазасын алаар. Буга ишенсек болот. Ал эми ушул төбө чачты тик тургузган кылмышка жол ачып берип койгондор кандай жаза алды? Бул да кайдыгер карабай турган маселе болуптурат. Себеби, жазаберилбесебийликтинаброюкетип, эл наалатынакалаар.

Иликтөөмдүн, аягында айтаарым кыргыз жигиттери кызды деги эле аял затын кордоп мындай мамиле кылган эмес. Ким мындай мамиле жорук кылган болсо ал акылы жок манкурт, кэм акыл жана коомго эң коркунучтуу адам катары кабыл алып керек болсо өтө катаал мыйзам киргизиш керек.

**Интернет булактары:**

**1.**https://ky.m.wikipedia.org/wiki/%D0%90%D1%8F%D0%BB%D0%B4%
**2.**https://ky.m.wikipedia.org/wiki
**3.**http://ky.m.wikipedia.org/wiki/%D0%
**4.**http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1505
**5.**http://kabar.kg/kyr/society/full/69110
**6.**wsc.kg>uplouds

**Рецензент: т.и.к., доцент Зайниев Р.А.**